# Токто өмүр

с.К.Чолпонкулова

о.Туратбек Дүйшеев

Кандай жашап, кандай жүрдүм, барбы элге берээрим

Кайра өмүрдү жаша десе, сүйүү үчүн келээрмин.

Токто өмүр, токтой турчу, сен деңиз мен кемемин

Тирүүлүктү сүйгөн үчүн кумар канбай келемин.

Кандай сыноо болсо дагы, көтөрөмүн пендемин

Адам деген улуу атты бийик тутуп келгенмин

Сактап берген урпагына, бак-дөөлөттү мурасты

Ак пейлинен багын тапкан кыргыз деген элденмин

Токто өмүр, токтой турчу, болсо да өчүң суранам

Жашоону мен сүйгөн үчүн, ар бир күнгө кубанам

Огу болуп тартылсам дейм, тагдыр жазган жебенин

Санжырасы болсом деймин, нарктуу кыргыз элинин!